УДК: 809.1

Садыров М.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# 20 – ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТТААНУУСУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Улуттук адабияттаануунун көркөм чыгармачылык процесси пайда болуп, калыптанбай туруп анын адабий сын, адабият теориясы сыяктуу негизги предметтеринин жана кошумча дисциплиналарынын (текстология, библиография, палеография ж.б.) түптөлүшү мүмкүн эмес. Атап айтканда, адабий чыгармачылыктын көркөм практикасы кезегинде изилдөөнүн илимий негиздерин, б.а. адабий сындын жана адабият теориясынын обьектиси болуп берет. Адабияттаанунун үч негизги предметин түзгөн адабият тарыхы, адабият сыны жана адабият теориясы бири-экинчисине байланыштуу өнүгөт. Адабият сынынын жана адабият теориясынын илимий принциптери жалпы болгону менен анын негизги өзөгүн ар бир элдин улуттук адабиятынын тарыхы түзөт. Ошентип улуттук адабияттын тарыхынын чыгармачылык процессине негизделип анын илимий изилдөө предметтери п.б. калыптанат.

Кыргыз жазма адабиятыбыздын калыптануу мезгилин белгилеген ХХ кылымдын 20-жылдарында ар башка жанрда п.б. чакан чыгармалар адабият тарыхынын алгач этабын түзүү менен өзүнө мүнөздүү болгон адабий сындын калыптанышын шарттаган болчу. Бул жерден белгилеп койчу нерсе, элдик адабияттын тарыхы адабияттаануунун мезгилдик жана мейкиндик принциптерине ылайык түзүлүп, изилденип чыкпай туруп анын калган бөлүмдөрүнүн (адабият сыны, теориясы) маселелеринин толуккандуу түрдө иштелип чыгышы мүмкүн эмес. Албетте адабияттаануунун адабият сыны, адабият теориясы сыяктуу предметтеринин кээбир элементтери көркөм чыгармалардын өздөрү аркылуу эле иштелип чыгат десек да жаӯылышпайбыз. Эгерде өзүбүз карап жаткан 20-жылдардын жалпы чыгармачылыгына көӯүл бурсак, анын негизги мазмуну үгүттүк мүнөздө болуп, ал көбүнесе агартуучулук ролдо болгондугун байкоого болор эле. Мындан улам кайсы гана жанрда жазылган чыгармаларды албайлы, көбүнесе жакын арада же болбосо учурда жүрүп жаткан турмуштук окуяларды чагылдыруу менен кезегинде мындай чыгармалар ал көрүнүштөрдү ашкерлөө (сындоо) мүнөзүндө болгон. Ал эми бул чыгармалардын кайсы бир жанрга салынып жазылышы адабият теориясынын чыгармачылык (аӯгеме, поэма, ыр ж.б.) критерийлеринин башаттарын белгилейт. Атап айтканда, адабият тарыхынын негизги обьектисин түзгөн көркөм чыгармачылык адабий сындын да, адабият теориясынын да предметин дайыма мүнөздөп кезегинде алардын калыптануу, өнүгүү процессин үзгүлтүксүз көзөмөлдөйт. Ошондон улам адабий чыгармачылыктын көркөм процесси аркылуу адабият тарыхы, адабият сыны жана адабият теориясы бири – биринен ажырымсыз турган адабияттаануунун негизги үч предметин жаратат. Ошол эле учурда адабияттаануунун адабият тарыхы, адабият сыны, адабият теориясынын өзалдынчалык жана жалпылыктары сыяктуу маселелеринин изилдениши өз ырааттуулуктарына ээ десек болот. Сөзүбүз куру болбосун үчүн кыргыз адабияттаануусунун 20-жылдарынын чыгармачылыгынын изилдениш маселелерине кайрылып көрөлү. Албетте бул жерден өтө бир маанилүү маселени да эстен чыгарбашыбыз керек. Алсак, улуттук адабий илим ошол элдин жазуу маданияты пайда

болгондон, б.а. жазма адабияты менен бирге жаралат дегендин өзү өтө чоң жаңылыштык болуп эсептелет. Ал гана эмес улуттук жазма адабиятыбыздын түптөлүп өнүгүшүн кечээки эле күндөргө чейин бардыгыбыз жалаң сырткы факторолорго гана байланыштуу карап, өзүбүздүн көркөм чыгармачылык улуу салттарыбызда мурдатан түптөлүп келген адабий, илимий ж.б. тажрыйбаларды көбүнесе көмүскөдө калтырып келдик. Тагыраак айтканда, элдик чыгармачылык көбүнесе кайсы формада (оозеки же жазма) өнүксө ага жараша улуттук илим, философия, педагогика ж.б. ошол формада калыптанып өнүгүүгө ээ болот. Кыргыз эли өзүнүн чыгармачылык тарыхын XIX к. экинчи жарымына чейин көбүнесе оозеки сактап, ал аркылуу анын өтө көп кырдуу жанрдык тажрыйбаларын жады түрүндө өнүктүрүп, «Манас» түчилтиги сыяктуу зор эпопеялык чыгармаларды жаратууга жетишкен эле. Бул болсо өзүбүз жогоруда белгилегендей, өзү менен бирге көркөм сындын (макал-лакаптар, санат ж.б. түрүндө) п.б. шарттап, кезегинде адабий илимдин обьектиси болгон фольклордук жанрлардын (дастан, терме, арман, кошок, жаңылмач ж.б.) улуттук мүнөздөгү чыгармачылык тажрыйбалары өнүгөт. Анын далили катары улуттук профессионалдык адабий илим калыптана элек учурда, өзгөчө фольклортаануу илими четөлкөлүк илимпоз – изилдөөчүлөр аркылуу түптөлө баштайт. Алсак кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы XIX кылымдын орто ченинен Ч.Валиханов, В. Радлов, Г. Алмаши, В. Смирнов ж.б. тарабынан жазылып алына баштап, ар тараптуу изилдөөлөргө ээ болгон эле. Демек көркөм чыгармачылыкка негизделген илимдин негизи анын тарыхы аркылуу жаралат. Атап айтканда, фольклордук чыгармачылыктын синкреттүүлүгү сыяктуу эле ал формадагы көркөм сындын, илимдин өзү да ошондой түрдөгү элементте болот. Ал эми оозеки чыгармачылыктын кагазга түшүрүлүп жыйнала башташы анын жазуу түрүндөгү изилдөөлөрүнүн калыптана башташын өбөлгөлөйт. Дегеле элдик чыгармачылыктын оозеки түрдө өнүгүшү улуттук адабий илимдин методологиялык жактан калыптанып өнүгүшүнө өбөлгө түзө албайт. Ошондуктан жазуу маданиятына ээ болгондон баштап кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бай казынасы изилдениле баштап, биринчи кезекте ал жазма адабиятыбыздын калыптанышына өтө зор таасирин тийгизген эле. Ошону менен катар эле кыргыз адабияттаануусунун, адабий сынынын, адабият теориясынын башаттары дал ушул элдик оозеки чыгармачылыкта экендиги бир катар эмгектер аркылуу таасын көрсөтүлүп берилди. Кыргыз адабий сыны жаатында жазылган адабиятчы – сынчылар К. Байжигитовдун «Кыргыз адабий сынынын тарыхы», К.Даутовдун «Адабий сын кантип жаралган» өңдүү эмгектери мунун далили болуп эсептелет. Жалпылап айтканда, элдик оозеки чыгармачылыгыбыз баштаган жазма адабиятыбыздын негизинде түптөлгөн фольклортаануу, адабияттаануу сыяктуу илмдерибиз улуттук жазуубуздун пайда болгондугуна байланыштуу калыптанып, өнүктү десек болот. Эгерде элдик оозеки чыгармачылыгыбыз улуттук жазуубуз пайда болгонго чейин эле четөлкөлүк окумуштуулар тарабынан изилденген болсо, ал эми жазма адабиятыбыздын жаңыдан калыптана башташына ылайык, ал көбүнесе жергиликтүү изилдөөчүлөр, адабиятты азыноолак түшүнө билген, бираз адабияттык даярдыгы бар адистер бул ишти моюндарына алган болчу.

Кыргыз адабияттаануусунун тарыхый көркөм процессинин башатын түзгөн XX кылымдын 20-жылдарынын адабий чыгармачылыгы анын адабият тарыхынан алган орду, изилдениши ар түрдүү болду. Негизинен мунун бир катар себептери бар. Алсак, кыргыз жазма адабиятынын алгачкы этабында

жаралган чыгармалар улуттук адабий илимдин калыптана электигине байланыштуу анын кээбир єкїлдєрїнїн чыгармачылыктары изилдєєнїн обьектисинен сырткары калган. Алсак, ошол кездеги улуттук басманын єнїгє электиги менен катар эле єз чыгармаларын бастырып чыгаруу мїмкїнчїлїгїнє бардыгы эле ээ эмес эле. Ошондуктан улуттук жазма адабиятыбыздын алгачкы їлгїлєрїнїн кєпчїлїгї колжазма тїрїндє бойдон калган эле.

Кыргыз жазма адабиятынын тарыхына арналып жазылган мисалы К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982), «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын» (1987,1991) 2 томдугу ж.б. бир катар эмгектерде улуттук жазма адабиятыбыздын алгачкы єкїлдєрїнїн чыгармачылыгы камтылган эмес. Жазма адабиятыбыздагы мына ушул єўдїї ак тактарды толтурууда белгилїї адабият окумуштуусу С. Жигитовдун эмгеги єзгєчє орунга ээ десек жаўылышпайбыз. С. Жигитовдун «20-жылдардагы кыргыз адабияты» (1984) жана «Кечээкинин сабактары, бїгїнкїнїн тараптары» (1991) аттуу эмгектерин кєрсєтїїгє болот. Адабиятчы белгилегендей, кыргыз жазма адабиятынын алгачкы кєркєм чыгармачылык процесси элибиздин арасынан чыккан тунгуч калемгерлерибиздин ишмердїїлїктєрї аркылуу тїптєлїп калыптанган болчу. Акыйкат їчїн белгилеп койчу нерсе, адабиятчы С. Жигитов З. Мамытбеков, К.Баялинов, С. Сасыкбаев ж.б. бул маселени изилдєєдєгї бир катар эмгектерин баалап єтєт. Обьективдїї жана субьективдїї себептерге ылайык жазма адабиятыбыздын тарыхынан сырткары калган О. Лепесовдун, С. Карчевдин, К.Тыныстановдун ж.б. кыргыз жазма адабиятынын баштоочулары катары татыктуу єз ордун табууда С. Жигитовдун їлїшї зор. Кыргыз жазма адабиятынын тунгуч калемгерлеринин анын тарыхынан алган ордун эле эмес, алардын чыгармачылыктарына адилет баа берїїдє да бул адабиятчыбыздын илимпоз катары калыстык кылгандыгын белгилебей кое албайбыз.

Элдик оозеки чыгармачылыктын кєркєм процесси єз ичинде адабий сындын элементтерин бирге ала жїрїї менен оозеки тїрдє сакталып келип жазма тарыхы жазылган болсо, ал эми жазма адабияттын тарыхы XX к. 60-жылдарынан кийин жазыла баштаган эле. Атап айтканда, адабий чыгармачылыктын кєркєм практикасы менен анын тарыхынын изилденїї предмети бир учурда жаралбайт. Ошондуктан, адабияттын кєркєм процессинин єз мезгилинде кєбїнесе макала (полемикалык, проблемалык, портреттик ж.б.) тїрїндє изилденїїгє ээ болуп, адабияттаануунун тарыхый предмети адабий чыгармачылыктын кєркєм практикасынан мезгилдик жактан дайыма ажырымдыкта жаралат. Эгерде єзїбїз сєз кылып жаткан 20-жылдардын адабий чыгармачылыгынын жана адабий сынынын анын кийинки адабий процесси менен бирдикте изилдениши 80-90-жылдардан кийинки мезгилдерге туура келет. Адабий чыгармачылыктын бєтєнчє алгачкы этабында пайда болгон чыгармалардын адабият тарыхы боюнча жазылган эмгектерге камтылбай калышынын биз жогоруда кєрсєткєн себептеринен сырткары, саясий идеологиянын адабий ишмердїїлїккє ашкере кийлигишїїсї анын С. Карачев, К. Тыныстанов сыяктуу чыгаан єкїлдєрїнїн чыгармачылыктарынын адабият тарыхынан адилетсиз тїрдє алынып салынышына себеп болгон эле.

Кыргыз жазма адабиятынын тїптєлїшїндє бєтєнчє орду бар С.Карачев, К.Тынстановдорду албаганда, О. Лепесовдун, Б. Калпаков, Ж. Кененсариев ж.б. калемгерлер адабиятыбыздын алгач этабын тїзїїчїлєр катары єздєрїнїн татыктуу ордуларын ээлеп, ага жараша баа алуулары єтє маанилїї

маселелерден болуп саналат. Ошол эле учурда тунгуч калемгерлердин чыгармачылыктарынын жазма адабиятыбыздын башатына коюлушунун өзү жөн гана статистикалык  маалымат катары эмес, көбүнесе көркөмдүк ж.б. маселелерге байланыштуу келип каралышы керек. Бул жагынан алганда О. Лепесовдун поэзиясынын биринчи орунга коюлушу мезгилдик жагынан эле эмес, көркөмдүк сапаты, жаўычылдык мазмуну, формасы жагынан да жазма адабиятыбыздын алгачкы сабында туруунга толук татыктуу. Башкасын албаганда да О. Лепесовдун ырларынын масалында кыргыз жазма поэзиясынын 4 сап ырларынын алгачкы  үлгүлөрүн кездештирүүгө болот. Буга жаш калемгердин «Кыргыз - казакка», «Чын азаттык», «Кан төгүлдү» ж.б. ырларын мисал катары келтирүүгө болот. Эгерде анын «Кыргыз-казакка» деген ыры 5 сап, 4 сап ырдан туруп жазылган болсо, 1916-жылдын реалисттик окуяларын таасын чагылдырган «Кан төгүлдү» 11, 12 муундан турган 4 сап ырлардан тургандыгын көрөбүз. Атап айтканда, 1917-жылдары жазылган бул ыр кыргыз жазма адабиятында 20-жылдарга чейин эле профессионалдык жактан бир кыйла чыў токулган чыгармачылык ийгиликтерден кабар берет. Мунун өзү О.Лепесовдун улуттук поэзиябызга жаўы формадагы ырларды түзүүчүлөрдүн алдыўкы сабында тургандыгын айгинелеп турат. Анткени жаўыдан түптөлүп жаткан жазма поэзиябыз ошол эле учурда али да болсо оозеки поэзиянын таасиринде жашап жаткан эле. Кыргыз жазма поэзиясынын тунгуч калемгерлеринин катарында О. Лепесов учурунда түрдүү формадагы 35 ыр жазып аны К. Мифтаков өзү түзгөн «Өзгөрүш ырлары» деген ат менен колжазма түрүндөгү жыйнагына «Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» деген аталышта киргизгендигин адабиятчы С.Жигитов өзүнүн «Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талапттары» аттуу китебинде жазат. Бул маселеге адабиятчы атайын көўүл буруп мындай деген ойду айтат: «Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» өз убагында жарык көрсө, 20-жылдардын поэзиясынын жалпы картинасына ылайыгы менен дал түшмөк, жаўы үлгүдөгү салттардын көрөўгөлөнүш процессине активдүү катышмак, мүлдө кыргыз масштабында эл массасын саясий жактан тарбиялоо ишине өз үлүшүн кошмок [1].

Адабиятчы С. Жигитов акыйкат белгилегендей, кыргыз адабиятынын анын ичинде поэзиясынын алгачкы саамалыктары көркөм-эстетикалык чыгарма катары эмес, көбүнесе үгүттүк мазмундагы дидактикалык кызматты аткарып келгендигин көрөбүз. Дегеле кыргыз жазма адабиятынын 20-30-жылдардын аралыгындагы көркөм процесси көбүнесе коомдук милдетти аткарып анын негизги мазмуну элдик турмуштун жаўы түзүлүшүндө агартуучулук ролдо болгон эле. Мындан улам бул жылдардагы жалпы эле адабиятыбыз элдин турмуштук абалына басымдуу түрдө көўүл буруп жатса, ал эми адабий сын көркөм чыгармачылык кандай болуш керектиги жөнүндө кам көрүү аракетин жасап жаткан болчу. Бул жаатта алгачкы профессионалдык сынчы катары Т. Жолдошев өзгөчө бөтөнчөлөнүп тургандыгы анын бул жаатта жазган бир катар макалалары далил болуп берет.

20-жылдардын көркөм чыгармачылык процессине түздөн-түз аралашып жүргөн калемгерлер деле, ага сын жаатында кайрылгандар деле жазуучулукту же сынчылыкты биротоло кесип тутушпай ар кайсы кызматтарда иштешкендеринин өзү бул өнөрдүн калыптана электигинен  да

кабар берет. Ал гана эмес адабий чыгарамачылыкта бир кыйла тажрыйба топтоп калган С. Карачев, К.Тыныстанов, Ш. Көкөнов ж.б. көркөм адабияттын түрдүү жанрларында эмгектенүүсүнүн өзү да бул ишмердүүлүктүн али жаш экендигинен кабар берүү менен анын тунгуч өкүлдөрү көбүнесе изденүүнүн жолунда болгондугун белгилейт. Жалпылап айтканда, 20-жылдарда адабияты чыгармачылык, изилдөөчүлүк ишмердүүлүктөрдүн мезгили болуу менен бирге оозеки чыгармачылктан жазма адабияттын салттарына өтүүдөгү улуу чыгармачылык көпүрө болду.

АДАБИЯТТАР


1. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары.
- Ф.: Адабият, 1991.23 – б.
2. Байжигитов К. Кыргыз адабий сынын тарыхы. – Бишкек, 1992.
3. Даутов К. Адабий сын кантип жаралган? – Бишкек, 2002.